# РОЛЬ СЕМЬИ В ФОРМИРОВАНИИ ОБЩЕЧЕЛОВЕЧЕСКИХ И НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ

**Абдураимова Зарийпа Самашевна**

*канд.п..н.к, доцент, ОшГУ,Республика Кыргызстан*
*E-mail:* *abduraimovazaripa7@gmail.com*

**Аннотация:** В статье с научно-педагогической точки зрения анализируется роль семьи в формировании универсальных человеческих и национальных ценностей у подрастающего молодого поколения. Семья считается главным социальным институтом воспитания, определяющим ее влияние на личностное развитие ребенка, формирование нравственных и этических качеств, а также национального самосознания. В статье рассматриваются актуальные проблемы и образовательные возможности семейного образования в контексте глобализации в современном обществе.

**Ключевые слова:** семья, воспитание, универсальные человеческие ценности, национальные ценности, молодое поколение, социализация, личность.

**Abstract:** The article analyzes the role of the family in the formation of universal human and national values in the younger generation from a scientific and pedagogical point of view. The family is considered the main social institution of education, determining its influence on the personal development of the child, the formation of moral and ethical qualities, as well as national identit The article examines current issues and educational opportunities of family education in the context of globalization in modern society.

**Key words:** family, education, universal human values, national values, young generation, socialization, personality.

## *ӨСҮП КЕЛЕ ЖАТКАН ЖАТКАН ЖАШ МУУНДАРДА ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК ЖАНА УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДА ҮЙ - БҮЛӨНҮН РОЛУ*

**Аннотация:** Макалада өсүп келе жаткан жаш муундарда жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды калыптандырууда үй-бүлөнүн ролу илимий-педагогикалык аспектиде талданат. Үй-бүлө тарбиянын негизги социалдык институту катары каралып, анын баланын инсандык өнүгүүсүнө, моралдык-адептик сапаттарынын жана улуттук аң-сезиминин калыптанышына тийгизген таасири аныкталат. Заманбап коомдогу глобалдашуу шартында үй-бүлөлүк тарбиянын актуалдуу маселелери жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү ачып көрсөтүлөт.

**Түйүндүү сөздөр:** үй-бүлө, тарбия, жалпы адамзаттык баалуулуктар, улуттук баалуулуктар, жаш муун, социалдашуу, инсан.

### *Киришүү*

Адамзат тарыхынын нечен кылым карыткан байсалдуу сапарына сересеп салсак эң эле жөнөкөй, ошол эле учурда ыйык, ары маанилүү кичинекей мамлекет үй - бүлө болуп келген. Ал өзүнчө куралдары жана кол тийбестиги бар коомдун өзөгү. Ал канчалык бекем жана күчтүү болсо, коом да, чөйрө да, ал гана эмес мамлекет да ошончолук күчтүү болот.

Үй - бүлө – таалим – тарбия, адеп – ахлак жана рухий көрөңгөнүн, өсүп келе жаткан жаш муундарда жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды калыптандыруунун башаты.

Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишип, өз алдынча суверендүү мамлекет болгон соң саясый-экономикалык, маданий жактан дүйнөлүк интегерация агымына кошулуу менен кыргыз элинин улуттук-руханий мурастарын дагы терең үйрөнүү жана аларды азыркы ааламдашуу шарттарында окутуу-тарбиялоо процессинде пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрүн издөө талабы коюлду. Жаштардын улуттук маданий салттардан жыл өткөн сайын алыстоосу, массалык маданияттын агымына өзгөчө тез тартылышы, муундар ортосундагы байланыштардын деградацияга дуушарланышы, үй - бүлөлүк тарбиянын пассивдеши болочок муундун туура тарбия алышына терс таасирин тийгизет.

Элдин эл, улуттун улут, мамлекеттин мамлекет катарында сакталып, башка элдер менен ымала катышта туруктуу өнүгүп, өркүндөшү үчүн коом мүчөлөрүн руханий-адептик жактан өнүктүрүү, тарбиялоонун пайдубалын, багытын аныктоого кызмат кылып келген баалуулуктардын, идеялардын, ишенимдердин системасын сактоо, колдонуу зарылдыгы КР Президенти С.Н. Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» [2]. жөнүндөгү жарлыгында жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бектилген «Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясында» [5]. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 30-августундагы №303 жарлыгы менен бекитилген “2022-2027-жылдарга Улуттук нарктуулукту сактоо жана өнүктүрүү” [6]. Улуттук программасынын алкагында заманбап илимдин, билимдин, тарыхтын жана этнографиянын, экономикалык жана технико-технологиялык өнүгүүнүн актуалдуу маселелерин улуттук нарктуулук, иденттүүлүк жана адамзаттык баалуулуктар темасына ылайык талкуулоо, аларды чечүүнүн формаларын, ыкмаларын жана жолдорун сунуштоо өзгөчө белгиленген.

Учурдагы ааламдашуу процессинин ыкчам таасири дүйнөнүн туш тарабына өтө тез жетип, адамдардын ан-сезими ар түрдүү көз караштардын, диний жана саясый агымдардын мурда болуп көрбөгөндөй күчтүү толкунуна кабылды.

Коомдун туруктуу өнүгүүсү жана руханий коопсуздугу жаш муундун баалуулук багыттарынын деңгээли менен тыгыз байланыштуу. Глобалдашуу доорунда өсүп келе жаткан жаш муундардын руханий-адептик тарбиясы коомдун эң актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Анткени, бул процесс, коомдогу өзгөрүүлөр, маалымат мейкиндигинин кеңейиши, маалыматтык технологиялардын тездик менен өнүгүшү, маданий интеграция, маданий таасирлердин ар түрдүүлүгү жаштардын дүйнө таанымына түздөн-түз таасир этүү менен тарбия процессине олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келүүдө. Ушундай шартта инсанды руханий жактан коргоо, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды сактоо менен аны муундан муунга өткөрүүдө үй-бүлөнүн ролу өзгөчө мааниге ээ экендигин баса белгилегибиз келет.

Азыркы доордун карама каршылыктары кыргыз коомунун улуттук тарбия идеалынын базалык баалуулуктары нукура улуттук нарктар менен азыркы доордун адамына коюлган талаптардын синтезинен туруусун шарттайт. Азыркы цивилизациялашкан коомдо болсо дал мына ошол тарыхый, традициялуу педагогикалык феномен артка сүрүлүп, «улууну кичүү укпай», «кичүүнү улуу укпай» калган үй-бүлөлөрү менен кездешип жатабыз. Ушундай шартта үй-бүлөлүк тарбиянын мазмунун конструкциялоодо жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды калыптандыруу табылгаларына кайрылуубуз учурдун талабы болуп эсептелет. Анын мазмунун жана негизги багыттарын Кыргыз Республикасынын конституциясы, Билим берүү жөнүндө мыйзамы, Улуттук “Билим” программасы, мектепке чейинки тарбия берүүнүн, жалпы билим берүүчү мектептерде окутуунун мамлекеттик стандарты сыяктуу расмий мамлекеттик иш кагаздарда айкын белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кол койгон Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциянын башкы максаты “Жарандарды руханий-адеп-ахлактык тарбиялоонун сапатын мындан ары жакшыртуу, элдик каада-салттарды кайра жандандыруу, руханий жактан бай жана адеп-ахлактуу инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү” болуп саналат.

Концепциянын принциптеринде: **“**Руханий-адеп-ахлактык тарбиялоо жана дене тарбиялык өнүгүү элдин салттуу баалуулуктарына, билимине, тажрыйбасына, ошондой эле жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделет. Ошондой эле ар-намыс жана аброй, Мекенге жана элге кызмат кылуу – эң жогорку баалуулуктар” -деп көрсөтүлгөн [2].

Үй-бүлө — баланын социалдашуу жолундагы алгачкы жана эң маанилүү чөйрө. Дал ушул үй-бүлөдө баланын дүйнө таанымы, моралдык позициясы, баалуулук багыттары калыптанат.

Үй-бүлө баланын алгачкы социалдашуу чөйрөсү катары тарбиялык процесстин башаты болуп саналат. Ошондуктан үй-бүлөлүк тарбиянын мазмунун илимий негизде изилдөө заман талабынан келип чыккан актуалдуу маселе болуп эсептелет

Баалуулуктардын адам коомундагы ролу зор. Алар эң эле ар түрдүү функцияларды аткарышканы таңгалычтуу эмес. Алар адамдардын социалдык мамилелерин жана өз ара катнаштарын жөнгө салышат Баалуулуктар өзүн коомдун бүтүндүгүн камсыздоочу фундаменталдуу ченемдер катары да көрсөтүшөт.

Жалпы адамзаттык баалуулуктар — бул бардык элдерге, маданияттарга орток болгон руханий-адептик түшүнүктөр. Аларга адамгерчилик, боорукерлик, адилеттүүлүк, сабырдуулук, эмгекчилдик, жоопкерчилик жана тынчтыкты сүйүү кирет.

Педагогикалык жана социологиялык изилдөөлөрдө үй-бүлө баланын инсандык калыптанышынын негизги чөйрөсү катары каралат. Үй-бүлөдө бала социалдык нормаларды, жүрүм-турум эрежелерин, моралдык түшүнүктөрдү өздөштүрөт. Ата-эненин тарбиялык позициясы, үй-бүлөдөгү психологиялык климат жана баарлашуу маданияты баланын инсандык өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет.

Үй-бүлөлүк тарбиянын артыкчылыгы анын үзгүлтүксүздүгүндө жана жекече мүнөзүндө болуп, балага багытталган баалуулук системасын калыптандырууга шарт түзөт.

Жалпы адамзаттык баалуулуктар – бул бардык коомдорго таандык болгон универсалдуу моралдык принциптер. Аларга гуманизм, адилеттүүлүк, боорукерлик, эмгекчилдик, жоопкерчилик, өз ара сый-урмат, адам укугун сыйлоо, тынчтыкты сүйүү сыяктуу универсалдуу түшүнүктөр кирет.

Бул баалуулуктар баланын жашоого болгон көз карашын, коомдогу жүрүм-турумун аныктайт. Үй-бүлөдө бала биринчи жолу сүйүүнү жана камкордукту сезет.

Ш.А. Амонашвили белгилегендей, «сүйүүсүз педагогика болбойт». Демек, тарбия процессинде баланын инсандыгын сыйлоо жана ага ишеним көрсөтүү негизги принцип болушу керек.

Үй-бүлөлүк тарбия сүйүүгө, мээримге жана ишенимге негизделүүгө тийиш. Сүйүүсүз тарбия баланын ички дүйнөсүн жабыркатат жана тарбиялык натыйжасын жоготот.

Ш.А. Амонашвилинин гумандуу педагогикасы ата-энелерге баланы сүйүү, ишеним жана урматтоо менен тарбиялоону сунуштайт. Үй-бүлөдө гумандуу мамиле түзүлгөндө гана бала өзүнө ишенген, боорукер жана жоопкерчиликтүү инсан болуп өсөт. Жакшылык менен жамандыкты ажыратууга үйрөнөт. Адамдар ортосундагы мамиленин маданиятын өздөштүрөт. [1. 384.]

Януш Корчак “Как любить ребенка” деген эмгегинде “Баланы руханий жактан тарбиялоо — аны:

- угуу,
- түшүнүү,
- сыйлоо,
- ишеним көрсөтүү аркылуу ишке ашат”- деп жазган.

Януш Корчактын мурасы бизге баланы тарбиялоодо жүрөктү негизги курал кылууну үйрөтөт. Сүйүү менен берилген тарбия гана баланы адамгерчиликтүү, жоопкерчиликтүү жана руханий бай инсан болуп калыптануусуна мүмкүнчүлүк түзөт. [3.256.]

Ата-эненин жеке үлгүсү, бири-бирине болгон сый-урматы, эмгекке болгон мамилеси баланын аң-сезиминде терең из калтырат. Ошондуктан, жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууда үй-бүлөнүн тарбиялык таасири чечүүчү фактор болуп саналат.

Баалуулуктар негизинен үй-бүлөлүк тарбия аркылуу берилет. Ата-эненин жеке үлгүсү, адеп-ахлактык жүрүм-туруму баланын ички ишенимдеринин калыптанышына олуттуу таасир тийгизет. Үй-бүлөдө түзүлгөн мээримдүү жана ишенимдүү чөйрө баланын моралдык туруктуулугун камсыз кылат.

Үй-бүлөдө бул баалуулуктар төмөнкү жолдор аркылуу калыптанат:

- ата-эненин жүрүм-туруму жана жеке үлгүсү аркылуу;
- үй-бүлөдөгү өз ара сый-урмат жана ынтымак аркылуу;
- баланын пикирин угуу, ага ишеним көрсөтүү аркылуу.

Педагогикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-эненин моралдык маданияты канчалык жогору болсо, баланын адамгерчилик сапаттары ошончолук терең калыптанат. Ошондуктан үй-бүлөлүк тарбия жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизи болуп эсептелет.

Заманбап шарттагы үй-бүлөлүк тарбиянын актуалдуу маселелеринин дагы бири улуттук баалуулуктарды калыптандыруу болуп саналат.

Улуттук баалуулуктар элдин тарыхый эс тутумун, маданий мурасын жана руханий дүйнөсүн чагылдырат. Алар тил, каада-салт, үрп-адат, элдик педагогика аркылуу муундан муунга өткөрүлөт. Бул процессте үй-бүлө негизги ролду ойнойт.

Орус элинин улуу педагогу К.Д.Ушинский баланы тарбиялоодо эненин ролу өзгөчө экендигин: "Аял затына өз балдарын тарбиялап өстүрүүгө умтулуу жана ошону менен бирге бул үчүн зарыл болгон жөндөмдүүлүк да кошо берилген," – деп жазган [8.175].

К.Д. Ушинскийдин «Адам – тарбиянын предмети» эмгегиндеги идеялар үй-бүлөлүк тарбиянын теориялык негизи болуп эсептелет. Анын адамды табигый, улуттук жана руханий баалуулуктарга таянып тарбиялоо жөнүндөгү ойлору бүгүнкү күндө да актуалдуу. Үй-бүлө Ушинский көрсөткөн принциптерди жетекчиликке алуу менен коом үчүн пайдалуу, адеп-ахлактык жактан жетилген инсанды тарбиялай алат.

Үй-бүлөдө улуттук тилде баарлашуу, улуттук каада-салттарды сактоо, элдик оозеки чыгармачылыкты колдонуу баланын улуттук идентификациясын жана жарандык аң-сезимин калыптандырат. Мындай тарбия улуттук өзгөчөлүктөрдү сактоого жана өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Улуттук баалуулуктар — бул элдин тарыхый эс-тутумун, маданиятын, тилин, үрп-адатын камтыган руханий мурас. Кыргыз элинин улуттук баалуулуктарына улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, намыс, уят-сыйыт, мейман достук, Ата журтка берилгендик сыяктуу түшүнүктөр кирет.

Үй-бүлөдө улуттук баалуулуктар: элдик каада-салттар, макал-лакаптар, жомоктор, уламыштар, улуулардын насааты жана турмуштук тажрыйбасы аркылуу берилет.

Мындай тарбия баланын улуттук өзүн-өзү таануу сезимин өнүктүрүп, өз элинин маданиятына сый-урмат менен мамиле кылуусуна өбөлгө түзөт.

Жаш муундарды тарбиялоо — бул үй-бүлө, мектеп жана коомдун биргелешкен иши. Үй-бүлө баланын ички дүйнөсүн калыптандырса, мектеп ошол баалуулуктарды билим берүү процессинде бекемдейт. Коом болсо социалдык тажрыйба аркылуу аларды практикалык деңгээлде өздөштүрүүгө шарт түзөт.

Эгерде бул үч чөйрөдө берилген тарбиялык таасирлер бири-бирине карама-каршы келбесе, анда тарбиянын натыйжалуулугу жогорулайт. Ошондуктан ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу бүгүнкү күндүн негизги талаптарынын бири болуп саналат.

Азыркы мезгилде массалык маданияттын, санариптик технологиялардын таасири күчөп, баланын баалуулук багыттарына жаңы чакырыктарды жаратты. Бул шартта ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу жана үй- бүлө менен билим берүү мекемелеринин кызматташуусун күчөтүү зарыл.

Үй бүлөлүк тарбия жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды интеграциялоо аркылуу жаш муундун гармониялуу өнүгүүсүн камсыз кылууга, коомдун талабына ылайык жаңы адамды калыптандырууга тийиш.

XX кылымдын атагы таш жарган философу Эрих Фромм минтип жазат: «Эгерде жаңы турмушту куруу процессинде жаңы адам калыптанса гана, башкача айтканда, азыркы адамдын

мүнөзүнүн, рухунун структурасында фундаменталдуу өзгөрүүлөр болуп өтсө гана жаны коом курулушу мүмкүн». [9.17]

Жыйынтыктап айтканда, өсүп келе жаткан жаш муундарда жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды калыптандырууда үй- бүлөнүн ролу илимий-педагогикалык жактан өзгөчө мааниге ээ. Үй - бүлө баланын инсандык сапаттарынын, моралдык принциптеринин жана адамдык аң-сезиминин негизин түзөт. Үй - бүлөлүк тарбия баланын инсан катары өнүгүшүнүн пайдубалын түзүп, анын коомдогу ордун аныктайт. Ошондуктан үй - бүлөлүк тарбияны системалуу түрдө колдоо жана өнүктүрүү коомдун руханий туруктуулугунун негизги факторлорунун бири болуп саналат.

Заманбап шартта үй- бүлөлүк тарбияны илимий негизде уюштуруу, ата-эне менен мектептин кызматташуусун күчөтүү, жалпы жана улуттук баалуулуктарды сактоо — туруктуу коомду калыптандыруунун маанилүү шарты болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Амонашвили Ш.А. Гуманная педагогика . – Москва: Изд-во АПН, 1996. – 384 б.
2. “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү концепция” 2021-жыл. 24-июль.
3. Корчак Я. Как любить ребенка . – Москва: Педагогика, 1991. – 256 б
4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Улуттук тарбия концепциясы. – Бишкек, 2021.
5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бектилген «Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясын» (2021),
6. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 30-августундагы №303 “2022-2027-жылдарга Улуттук нарктуулукту сактоо жана өнүктүрүү” жарлыгы
7. Сухомлинский В.А. Мудрость родительской любви. / Сост.А. И. Сухомлинская. – М.: Молодая гвардия, 1988. – 304 с.
8. Ушинский К.Д. Человек как предмет воспитания: Опыт педагогической антропологии // Избр. педагогические сочинения в 2-х томах. – М., 1976. – Т. 1.
9. Фромм. Э. Иметь или быть, М., 1990.